УДК: 37.091.33+004.9

Закиряев К.Э.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЭЛЕКТРОНДУК ОКУТУУ – ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТАЛАБЫ

*Макалада электрондук окутууну (E-learning) К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин билим берүүдө колдонуусу жөнүндө жана анын максаттары, толук ишке ашыруу боюнча пландар тууралуу айтылган.*

***Негизги сёздёр:*** *электрондук окутуу, e-learning, билим порталы, moodle, google apps.*

*В статье рассказывается об использовании электронного обучения (E-learning), о целях и задачах внедрения и планах Иссык-Кульского государственного университета им.К.Тыныстанова.*

***Ключевые слова:*** *электронное обучение, e-learning, образовательный портал, moodle, google apps.*

*The article describes the use of e-learning, goals and objectives of implementation and plans of the Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov.*

***Key words:*** *e-learning, educational portal, moodle, google apps.*

Бир нече жылдан бери жогорку билим берүү тармагында окууга өткөн студенттердин санынын азаюу тенденциясы байкалууда. Бул көрүнүш К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде да байкалууда. Мунун себептери ар кандай жана бул тенденция комплекстүү проблема болуп саналат. Себептердин бири − мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн билим деңгээлинин төмөндөп кетиши, экинчиси − жогорку окуу жайлардын өз-ара конкуренттик күрөшүнүн күчөшү. Кандай себептер болбосун, жогорку билим берүүдө болочоктогу студенттерди окуу жайга кызыктыруу, билим берүүдө сапаттуу окутууну камсыз кылуу, жаңыча методдорду жана технологияларды колдонуу керектиги түшүнүктүү болуп калды.

Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу окутуучу кадрлардын профессионалдык деңгээлине жана материалдык-техникалык базага байланыштуу. Биринчиси да, экинчиси да Ысык-Көл мамлекеттик университетинде жетиштүү даражада. Демек, жогоруда айтылган эки компонентти тең бирдиктүү колдонуу аркылуу гана билим берүү сапатын көтөрүү проблемаларын чечүүгө болот, бул алдыга коюлган максат болуусу керек.

Дүйнөлүк, өздүк тажрыйбаларды жана тенденцияларды анализдеген учурда, билим берүүдө окутуунун инновациялык методдору жана технологиялары колдонулган учурда гана жыйынтык берери аныкталды. Алардын бири болгон билим берүүдө электрондук окутуу элементтерин колдонуу биздин университетибиздин шарттарына ылайык келери шексиз болуп калды.

Электрондук окутуу (E-Learning) – компьютердик, маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялардын жардамы менен аудиториядан же аралыктан билим берүүнү окуу процессинде колдонуу.

Эмнеге электрондук окутуу? Бул окутуу формасын тандоонун бир нече себептери бар.

Традициялык окутууда, негизинен, кагаздагы жана китептеги маалыматтарды иштетүү аркылуу билим алуу жүргүзүлөт. Китеп булактарынын жетишсиздиги, жаңыланып туруусунун инерттүүлүгү жана жаңы технологияларды камтыган заманбап маалыматтардын кечеңдеп келүүсү, студенттердин кагаз жана китеп булактарын колдонуусунун азайышы, китепканаларга, окуу залдарга аз келүүсү окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга мурункудай көмөк көрсөтө албай калды.

Ошол эле учурда көпчүлүк студенттер мобилдик телефондорду, смартфондорду, планшеттер жана компьютерлерди күнүмдүк турмушунда интенсивдүү колдонуп келишет.

Алар бул түзүлүштөр аркылуу аңгемелерди, окуя жана жаңылыктарды, фильмдерди, клиптерди жана музыкаларды окушат, угушат жана көрүшөт. Азыркы жаштарды мобилдик, компьютердик жана Интернет технологиялар адамдары деп койсок болот. Демек, электрондук окутуу аларга жагымдуу, түшүнүктүү жана кызыктуу да болушу мүмкүн. Анткени электрондук окутуу кыска, ток этер жерлерди камтыган, аудио жана видео кошумчалар, схемалар, анимацияланган графиктер менен коштолгон маалыматтарды менен камтыгандыктан, студенттердин берилген окуу материалдарын өздөштүрүшү бат жана кызыктуу болот.

Электрондук окутууну киргизүү жана окуу процессине колдонуу университетке кошумча пайдаларды алып келери шексиз. Алар:

- жаңы технологиялардын келиши;
- окутуунун жаңы инновациялык технологияларынын колдонулушу;
- билим берүү жана окутуунун сапатынын жогорулашы;
- студенттердин санынын көбөйүшүнө өбөлгө түзүүсү ж.б.

Электрондук окутууну киргизүү К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин стратегиялык планында да каралган.

Электрондук окутууну уюштурууга керектүү ресурстарды жана шарттарды түзүү керек. К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде бул багытта:

- финансылык каржылоо;
- материалдык-техникалык база;
- маалымат-коммуникациялык ресурстар; электрондук башкаруу;
- кадрдык потенциал ж.б. маселелери чечилди.

Финансылык каржылоо, негизинен, эл аралык жана өздүк долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу камсыздалды. Алсак, буга:

- 2014-2016 жылдары “Борбордук Азия жогорку окуу жайларында электрондук окутууну сапаттуу башкаруу”, ТЕМПУС, QAMEL проектиси,
- 2015, 2016-2017 жылдары “Окуу процессине он-лайн Ачык Билим Ресурстары (АБР) платформаларын түзүү жана e-learning компоненттерин киргизүү аркылуу сапаттуу окутууга жана инновациялык билим алууга шарт түзүү”, СОРОС-КЫРГЫЗСТАН Фондунун долбоорлору,
- 2016 жылы ишке аша баштаган “Кагазсыз университет” долбоору аркылуу жүргүзүлдү.

Материалдык-техникалык базаны чыңдоо жана түзүү жогоруда аталган долбоорлордун жардамы менен жүргүзүлүп, E-Leaning класстары жана E-Leaning студиясы пайда болду. Класстар жана студия заманбап компьютердик техникалар, мультимедиялык проекторлор, акустикалык системалар, оргтехникалар жана видеоаппаратуралар менен камсыздалды.

Маалымат-коммуникациялык ресурстар өркүндөтүлүп, тез ылдамдыктагы Интернет байланышы киргизилди. Окуу корпустары локалдык тармакка кошулуп, AVN маалымат системасы ишке киргизилди. Университеттин маалымат сайты жана Facebook социалдык тармагында баракча иштеп жатышат.

Электрондук башкарууну ишке ашыруу иштери да жүргүзүлүүдө. Анткени башкаруу жана уюштуруу маселелерин чечпестен, электрондук окутуунун элементтерин колдонуу мүмкүн эмес. Окуу процессин уюштуруу, башкаруу жана жүргүзүү проблемалары AVN автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу жүргүзүлүп жатат. Зачет-экзамендердин жыйынтыктары, окуу сааттары жана алардын бөлүнүшү, модуль жана экзамендердин графиктери система аркылуу көзөмөлдөнүп, студенттерге окууга ыңгайлуу шарттарды түзүүдө. Бара-бара AVN системасы аркылуу окуу процессине тиешелүү бардык

ишмердүүлүк жүргүзүлө баштайт.

Кадрдык потенциал маселелери унутта калган жок. Долбоорлордун алкагында окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу маселелери чечилди. Атайын даярдоо айлыктары өткөрүлүп, 100 дөн ашык адам компьютердик жана маалымат технологияларын окутууда колдонуу семинар-тренингдеринен окушуп, сертификаттарга ээ болушту.

Консультацияларды өтүү, техникалык, программдык жана методикалык колдоо көрсөтүү иштери дагы эле уланууда. Себеби окутуучулардын жана студенттерди электрондук окутуу элементтерин колдонуусун колдоп, өркүндөтүп туруу керек.

Жогоруда аталган факторлорду ишке ашыруу электрондук окутууну киргизүү жана колдонуу маселелерин чечүүнүн негиздери болсо да, жандап жүргөн проблемаларды чечүүнү да унутпай ишке ашыруу керек. Аларга университеттин корпоративдик почтасын колдонуу, студенттерден баштап окутуучулар, административдик-техникалык персоналга чейин аны колдонууну үйрөтүү, студенттер жана окутуучулардын өз алдынча иштөөсүн, курстук иштерди жазуу, текшерүү, рефераттарды кабыл алуу ж.б. көптөгөн кагаз иштерин электрондоштуруу кирет. Азыркы күндө аталган маселелер чечилди, 2900 дөн ашык колдонуучу университеттин корпаративдик почтасын окууда ар кандай деңгээлде колдонушууда. Мындай маселелер чечиле жана күчөтүлө бермекчи.

Электрондук окутууну ишке ашыруу, университеттин маалымат-коммуникациялык технологияларын жана билим порталдарын киргизүү, колдонуу жана өркүндөтүү аркылуу жасалып жатат.

Студенттерди окутуу үчүн К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун маалымат жана билим порталдары түзүлгөн. Университеттин сайты (www.iksu.kg), маалыматтарды жана жаңылыктарды таркатуу, талкуулоо үчүн, facebook социалдык тармагындагы баракчасы, студенттердин билим алуусун жана окуусун башкаруу үчүн moodle.iksu.kg ачык билим берүү порталы иштеп жатышат. Кээ бир сабактар Moodle жана Google Apps билим порталдары аркылуу жүргүзүлүүдө. Алсак, 2016-2017-окуу жылында билим порталына 30 га жакын электрондук окуу курстары жайгаштырылып, окутуу алардын жардамы менен жүрүп жатат. Билим порталында жайгашкан курстар билим алуучулардын ар кыл категорияларына ылайыкталган. Мисалы, каалоочулар өзүлөрүн студенттерге, чоңдорго, окуучуларга жана окутуучуларга арналган курстарга жазылганга мүмкүнчүлүк берет. Окутуучулар жогорудагы системаларда өзүлөрүнүн окуу курстарын жайгаштырып, аудиториялык сабактарын өтө башташты.

Билим порталдарынын бир нечесинин болушу студенттерге жана окутуучуларга тандоого шарт түзөт. Алар ар кандай шарттарда коммуникациялык байланыштарды түзүүгө жардам беришет.

Электрондук окутуу университетте окуган студенттерге гана арналбастан, бардык каалоочулар да кирип, билим алганга ылайыкталышы керек. Ошондуктан азыркы учурдагы университеттин билим порталында жогорку билим алгандарга, мектеп окуучуларына жана ЖРТга даярданып жаткандарга, кошумча билим алуучуларга (чоңдор) жана окутуучуларга арналган категориялар ачылган. Бардык каалоочулар порталга кирип, каттоодон өтүп, жазылган курсунан окуганга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Жогоруда айтылган концепциянын колдонулушу болочокто университетибизге потенциалдуу студенттерди тартууга, бизден билим алууга кызыктырууга жана студенттердин санын көбөйтүүгө көмөк көрсөтөрү шексиз.

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети алдына жогоруда айтылган иш-чараларды мындан ары да күчөтүү пландарын коюуда. Алдыда келе жаткан 2018-жылы ачык билим берүү ресурстарынын санын дагы 16 курска көбөйтүү, 2019-жылы

4 толук дистанттык курсту киргизүү, 2020-жылга чейин виртуалдык факультеттердин, кампустун жана университеттин иштөөсүн камсыз кылуу турат.

Электрондук окутууну билим берүү процессине киргизүү жана E-learning элементтерин окутууда колдонуу бул учур талабы жана жаңы инновациялык билим берүү технологиялары болуп саналат.